**ЭКОНОМИКА**

*Айдарова Б.А. Сүйүндүков С.*

# КЫРГЫЗСТАНДА АЙЫЛ ЧАРБА ӨНДҮРҮШҮН КУРУУ ЖАНА ӨНДҮРҮП ЧЫГАРУУ

***Ачкыч сөздөр:*** *айыл чарба, жер, суу ресурстары, өндүрүш, мал чарба, тоют, айдоо аянттары, дыйкан, жайыт.*

Кыргызстан – агрардык өлкө болгондуктан, башка өлкөлөргө салыштырмалуу тоолуу жана суу ресурстарына бай келген мамлекет. Дүйнө жүзүндө экономикалык көрсөткүчтөрдөн акыркы орунда келе жатканы ачыктан айкын эле белгилүү. Өндүрүш эң төмөнкү көрсөткүчкө түшүп кеткен, өлкөдө болгон техниканын баары жедеп эскилиги жетип, оңдоого жараксыз абалга келип жетти десек болот.

Өзүбүзгө суроо салып көрөлүчү, биздин өлкөнү эл аралык карым-катнашта кайсы жагынан таанытсак болот? Жылда жаз айларында ар кандай митинг, демонстрацияларды өткөрүү жолу мененби? Же мындан башка жолдорубуз да барбы? Мисалы, айыл чарба продукциясын өндүрүп, чет мамлекеттерге экологиялык жактан таза продукцияны сатуу жолу мененби? Эгер биз өндүрүштү туура пайдалануу менен экономикага болгон салымыбызды кошсок кантип болбосун, мындай жол менен өнүгүүгө бизде толук кандуу шарттар бар. Кыргызстандагы ички дүң азык-түлүктүн 25%ын айыл чарба түзөт, ал эми жал пы калктын 67%ы айыл жергесинде жашашат, жумушка жарамдуу калктын 32%ы айыл чарбасы менен эмгектенишет.

Жалпы республика боюнча айдоо жерлеринин аянты 1280 миң га түзсө, анын 861,1 миң га фермердик чарбаларга, 340,7 миң га ар кандай коллективдерге, 64 миң га жеке адамдарга таандык.

Баарыбызга белгилүү болгондой, ушунча айдоо жерибиз бар, бирок айыл чарба продуктылары менен республиканы толук камсыз кыла албай келебиз. Себеби, Кыргызстанда дыйкандар өндүргөн продуктылардын баасы өндүрүлгөн өздүк баадан төмөн, ошого байланыштуу Казакстанга же Россия мамлекеттерине экспорттоого кетүүдө.

Айыл чарбасына керектүү техникалардын жетишсиздиги да чоң кыйынчылыктарды жаратат. Техникалар болсо да, алардын көбү Советтер Союзунан калган. Ошого байланыштуу жаңы техникалар менен камсыз кылуу керек.

Нарын облусунун айыл чарбачылыгы жана экономикалык тармак болуп эсептелет да регионалдык продукциянын үчтөн бир бөлүгүн камсыздайт, жана эң негизги багыт болуп дыйкан чарба эсептелгендиктен, жалпы калктын жашоо-тиричилигине керектүү акча каражаты ушул багыттан гана түшөт. Облустун айыл чарбасында негизги багыт –

бул мал чарбачылыгы болуп эсептелинет. Нарын облусу боюнча айыл чарбачылык структурада жайыттар жалпы жонунан 2624,8 миң га же 92,2%ды ээлейт. Айыл чарбалык талаалардын аянты 2770,6 миң гектарды түзөт, анын ичинен 120,9 миң га – айдоо аянтары; 0,141 миң га – көп жылдык көчөттөр; 11,8 миң га – чөп тоют аянттары жана 2624,8 миң га жайыт болуп эсептелинет. Мунун ичинен бийик тоолуу жайыттардын аянты – 747,4 миң га түзөт.

Дыйкандарга мамлекет тарабынан берилген кредиттердин пайызы өтө жогору, аны алган дыйкан бир жылда эч качан төлөп бүтө албайт. Бийликке келген кээ бир партиялардын 7 жана 10% пайыздык кредит беребиз дегени чындык, бирок ошол эле учурда бул төмөндөтүлгөн пайыздар берилип атабы же айтылган сөздөр жалганбы, элдер иштетип атабы деген суроо туудурат.

Жер-жерлерде айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү өндүрүшү жоктугу да өтө өкүнүчтүү.

Айыл чарбаны өнүктүрүү программасын алсак, ушул жылга бюджеттен 1 млрд. сом бөлүнөөрү, айыл чарба техникаларын алып келе турган лизинг компаниясын ачуу, дыйкандарга, фермерлерге төмөн пайыздагы кредиттерди берүү пландары каралган экен.

Мындай программалар ишке ашса абдан жакшы, бирок биздин жогору жактагыларыбыздын алкымдары абдан чоң, бул жерден да акча жасап калыштын амалдарын табышса керек. Мисалы, тендерлерди асмандагы баалар менен өткөрүп, келген техникаларды тууган-туушкандарына берип дегендей. Эгер келген техникалар айыл чарбасына түздөн-түз келип жетсе жакшы болчудай. Жер-жерлерде айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү өндүрүштөрдү курсак жакшы көрсөткүчтү берет, мисалы, тоок фермасын ачуу менен, балык өстүрүү, этти иштетсек жана башка чарбачылыктар менен, башка чарбачылыктарга салыштырмалуу үй чарбачылыгынын тенденциясы мурунку жылдарга салыштырмалуу жогорулоодо, мындай көрүнүш жакшы жана ири мүйүздүү сүт багытындагы уйларды өстүрсөк, сүт өндүрүп чыгаруу менен, биз бир нече продукцияны чыгара алабыз, Мал чарбачылыгы – өтө баалуу азык-түлүк (эт, жүн, жумуртка, мехтик терилери, сүт, май, ж.б) жана өнөр жай ишканаларын чийкизат менен камсыз кылууда эң чоң мааниге ээ. Адамдардын турмуш жыргалчылыгынын өсүшү менен, мал чарбачылыктан өндүрүлүүчү азыктарды дайыма көбүрөөк керектөөсү зарыл, ошондуктан бул эң маанилүү тармактын өнүгүшүнө биздин өлкөдө өзгөчө көңүл бурулушу керек. Бүгүнкү күндүн талабы, өстүрүлүп жаткан малдардан көбүрөөк, сапаттуу азыктарды өндүрүү болуп саналат. Анткени, Кыргыз Республикасы Бажы Союзунда, мал чарбасынан өндүрүлгөн азыктарга болгон талаптар абдан эле чоң болот. Ошондуктан бүгүнкү күндө республиканын мал чарбачылыгын андан ары жакшыртуунун жолдорун, төмөнкүдөй деп айтууга болот:

1. Малдардын асыл тукумдук сапатын жакшыртуу;
2. Тоют базасын чыңдоо;
3. Республиканын региондоруна ылайык малдардын тукумдарын туура тандап өстүрүү;
4. Чакан дыйкан чарбаларды кошуп чоңойтуу.

Өндүрүштөрдү курсак, сырттан инвесторлорду тартуу менен эмес өзүбүздөн инвестор тартып иш алып барсак алгылыктуу болчудай, эмнеге? Дегенде өзүбүздүн кең байлыгыбыз болгон Кум-Төрдү карап көрөлү, сырттан келген инвесторлордун иш алып барганын сындап көрсөк, кайра эле Кыргызстан кол жайып сурап жаткандайбыз. Жаңы өндүрүш курууда каржы маселеси кыйынга турат, бул жагын чечүү үчүн биринчи кичи өндүрүш куруу менен жана бизнес ачуу жолу да каралмакчы.

Айыл жергесиндеги адамдар менен биргелешип өндүрүш куруу жолун тапса болот, анткени малды өстүрүүдө айылда бардык керектүүлөр даярдалат, ошол сымал эле биз да биргелешкен топ түзүп өзүбүз деле инвестор боло алабыз, мисалы, алгачкы кадамды мал алып-сатуу менен баштасак болот, ошонун негизинде асыл тукумдуу малды өстүрүп, кичи бизнес ачып баштасак болот. Мындай жол менен акырындап өндүрүштөрдү ачууга бирден бир негиз түзүлөт. Бул сүттү өндүрүп чыгаруу өндүрүштөрдү иштеп чыксак, элди жумуш орду менен камсыз кыла алабыз, ошондой эле айтып кеткендей тоок фермасы, балык өстүрүү, мөмө-жемиштерден суусундук чыгаруу, жана башка өндүрүштөрдү иштетсек абдан жакшы болот деп ишенебиз. Нарын облусу үчүн этти иштетсек абдан жакшы болот, Нарын үчүн этти иштетүүчү өндүрүш куруп, этти иштетип экспорттосок жакшы киреше түшөрүнө биз ишенебиз, эмнеге дегенде биз этти иштетип чыгарбайбыз жана этти чийкилей эле сатабыз. Этти иштетүү

менен даяр азык-түлүктү чыгарсак, товарга болгон сапаттуулук өсөт.

Акырында жыйынтыктап кетсек, биз агрардык өлкө болгондуктан, айыл чарбасы аркылуу жакшы жетишкендиктерге жетсек болот. Дүйнө жүзүнө экологиялык таза продуктыларыбыз менен таанылсак дагы жакшы болоор эле. Буга мүмкүнчүлүктөрүбүз бар.

Биз ишенебиз, келечекте Кыргызстан өнүккөн мамлекетке айланаарына. Ал үчүн баарыбыз аракет кылышыбыз керек, өкмөттү күнөөлөп отура бербестен!

**Адабияттар:**

1. Абдымаликов К. Экономика Кыргызстана, Бишкек 2011.
2. Интернет ресурстары.

***Рецензент: э.и.к., доцент Асанов Ж.***